| | И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университети |
|---|---|
| КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ТЕХНИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТ | БИЛИМ БЕРҮҮНҮН САПАТЫН КАМСЫЗДОО СИСТЕМАСЫ |
| | ДП 49 – 05 |

**МАКУЛДАШЫЛДЫ**
И.Раззаков ат.КМТУнун
Окумуштуулар кеңеши
Протокол № 8
«26» «04» 2023- ж.

**БЕКИТЕМИН**
И.Раззаков ат.КМТУнун ректору,
М.К.Чыныбаев
Буйрук № 1/97
«2» «май» 2023 -ж.

**И.РАЗЗАКОВ АТЫНДАГЫ КМТУнун**
**С. ЖУСУЕВ АТЫНДАГЫ МАМЛЕКЕТТИК ТИЛ БОРБОРУНУН**
**ЖОБОСУ**

**Бишкек, 2023**

# ӨЗГӨРТҮҮ БАРАГЫ

| Версиянын № | Өзгөртүүлөр, толуктоолор киргизилген бөлүмдүн/пункттун же абзацтын номери | КМТУнун Окумуштуулар Кеңешинин протоколу жана датасы |
|---|---|---|
| 1 | | Пр.№8 от 26.04.2023 ж. |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |

## 1. Жалпы шарттар

1.1. И.Раззаков атындагы КМТУнун алдындагы Сооронбай Жусуев атындагы мамлекеттик тил борбору (мындан ары - Борбор) алгач Н.Исанов атындагы КМКТАУда 2014-жылдын 9-декабрындагы 1/132 буйруктун негизинде түзүлгөн. 2016-жылдын 28-сентябрында №1 токтомунун негизинде мамлекеттик тил борборуна КРнын Баатыры, кыргыз Эл акыны Сооронбай Жусуевдин ысымы берилген. 2022-жылдын 1-сентябрынан тартып Сооронбай Жусуев атындагы мамлекеттик тил борбору И.Раззаков атындагы КМТУнун алдында иш алып барат

1.2. Борбор өзүнүн ишинде Кыргыз Республикасынын Конституциясын, Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили" жөнүндө мыйзамын жана башка мыйзамдарын, Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлык, Буйруктарын, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын Жобосун, И.Раззаков атындагы КМТУнун Уставын жетекчиликке алат.

1.3. Борбордун дареги: Бишкек шаары, Малдыбаев көчөсү 36, б, №2 кампус, 2-кабат, 210 г.

1.4. "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн мамлекеттик тилди өнүктүрүү үчүн уюштуруучулук, материалдык-техникалык шарттарды түзүү багытындагы ченемдик актылардын аткарылышын камсыздоо максатында, мамлекеттик тилди үйрөнүү жана жеткиликтүү деңгээлде үйрөтүү талабынын күчөшү менен бул багыттагы окуу-усулдук семинар-тренинг өткөрүү боюнча тиешелүү маалымат базасын түзүү талабы Борборду түзүү зарылчылдыгын пайда кылды.

## 2. Борбордун максаты жана милдеттери

2.1 Борбор өз алдынча Кыргыз Республикасынын мыйзамдарындагы билим, илим жөнүндөгү бардык укуктардан пайдалануу менен Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик тили жөнүндө" мыйзамына жана өзүнүн жобосуна таянып иш алып барат. Борбор өз ишмердигинде университеттин көрсөтмөлөрүн жетекчиликке алат.

2.2. Борбордун максаты: Мамлекеттик тилди жайылтуу боюнча илим – билим жагынан, коомдук - маданий жактан иштерди алып баруу, зарыл маалыматтарды иргеп, талдоого алуу жана топтоо, иш кагаздарды мамлекеттик тилде жүргүзүү боюнча окууларды, усулдук семинарларды уюштуруу болуп саналат.

2.3 Борбордун милдеттери: Борбор өз ишинде мамлекеттик жана муниципалдык мекеме-уюмдар, кызматкерлер, жогорку жана орто билимдүү жарандар менен өз алдынча төмөндөгү багыттар боюнча иш жүргүзөт:

- мамлекеттик кызматкерлер, башка улуттун жарандары, кыргыз тилин начар билгендер үчүн кыргыз тилин үйрөтүү боюнча тездетилген курстарды уюштуруу;
- мамлекеттик кызматкерлерге, мекеме-уюмдардын, ишканалардын кызматкерлерине иш кагаздарын мамлекеттик тилде жүргүзүүгө үйрөтүү;
- мамлекеттик тилди окутуу боюнча жана илимий-изилдөө иштерин жүргүзүүдө окуу-усулдук иштерди, семинар-тренингдерди уюштуруу;
- окуу китептерин, сөздүктөрдү, усулдук колдонмолорду иликтөө, талдоого алуу жана даректүү сунуштарды даярдоодо университетте түзүлгөн терминологиялык комиссия менен иш алып баруу;
- мамлекеттик тилди өркүндөтүүнүн жана аны жайылтуунун илимий, практикалык жолдорун, ыкмаларын изилдөө, иштеп чыгуу боюнча иштерди уюштуруу ;
- бөтөн тилдүүлөр үчүн кыргыз тили боюнча окуу жана окуу-усулдук куралдарды, адабияттарды жана башка материалдарды түзүү жана сунуштоо;
- иш кагаздарын жүргүзүү жана мамлекеттик тилди үйрөнүү боюнча укма-көрмө материалдарды, басма материалдарын, башка маалымат булактарын түзүү;

- мамлекеттик кызматкерлер, окутуучулар үчүн илимий-практикалык конференцияларды, семинарларды, курстарды, кароо-сынактарды, башка иш чараларды өткөрүү;

- квалификацияны жогорулатуу курстарын уюштуруу;

- алдыңкы усулдук иш-тажрыйбаларды жайылтуу;

### 3. Борбордун укуктары

3.1. Борбор төмөнкү укуктарга ээ:

-кыргыз тилин, иш кагаздарын үйрөнүү курстарын уюштурууга, билим берүү ишмердүүлүгүн жүргүзүүгө;

- семинар, конференцияларды, илимий, усулдук, билим берүү багытындагы ар кандай жыйындарды өткөрүүгө;

- окуу жана окуу-усулдук китептерди даярдоо, басып чыгарууга жана таркатууга;

- кызмат көрсөтүү чөйрөсүн кеңейтүүгө, ишмердүүлүктүн жаңы түрлөрүн киргизүүгө;

- менчигинин түрүнө карабастан мекеме – уюмдар менен кызматтык келишимдерди түзүүгө жана кызматташууга;

- эл аралык уюмдар менен өз алдынча кызматташууга;

- гранттык долбоорлорду жазууга жана ал боюнча иш жүргүзүүгө.

### 4. Борбордун түзүмү жана аны башкаруу

4.1. Борбордун түзүмү:

- Борбордун директору;

- Башкы адис.

4.2. Борбордун директорун И.Раззаков ат.КМТУнун ректору дайындайт жана ал төмөнкү милдеттерди аркалайт:

- Борбордо өтө турган бардык иш-чараларга жооптуу;

- Семинар, конференцияларды, илимий, усулдук, билим берүү багытындагы ар кандай жыйындарды уюштуруу;

-С.Жусуев атындагы фонд менен иш алып баруу;

- Борборду керектүү адабияттар, сөздүктөр менен каржылоо.

### 5. Борбордун стипендиясын ыйгаруу тартиби

5.1. Борборго Кара-Кулжа ынтымак коомунун демилгеси менен мамлекеттик тилди мыкты өздөштүргөн студенттерге, магистранттарга жана аспиранттарга «Сооронбай Жусуев» атындагы жеке стипендия (мындан ары –стипендия) ыйгарат.

5.2. Стипендия И.Раззаков атындагы КМТУда студенттер, магистранттар жана аспиранттар арасында билим, илим жана маданий ишмердүүлүгүндө жаратмандык менен жигердүү катышып, университеттин атынан мамлекеттик тил боюнча өткөрүлгөн сынактарга, конференцияларга ж.б. иш-чараларда ийгиликке ээ болгондугуна карата ыйгарылат.

5.3. Стипендиянын ээси катары талапкерликке студенттер, магистранттар жана аспиранттар алгач институттардын (жогорку мектептердин, филиалдардын) Окумуштуулар кеңешинде каралып, андан соң стипендиянын саны жана ар бир талапкерге стипендия көлөмү комиссия тарабынан аныкталат.

5.4. Стипендиянын жалпы көлөмү 36000 сом, накта акчалай түрүндө берилет жана стипендиянын ээсине берилүүчү тастыктоочу документ катары сертификат тапшырылат.

### 6. «Сооронбай Жусуев» атындагы стипендияны ыйгаруу боюнча сынакка катышуунун эрежелери

6.1. Сынакка күндүзгү бөлүмдө окуган студент, магистрант жана аспирант катыша алат.

6.2. Соңку 2 экзамендик сессиясындагы жетишүүлөрүнүн көрсөткүчтөрү боюнча бардык сабактарынан «4» жана «5» баалары болушу зарыл.

6.3. Студенттин, магистранттын жана аспиранттын билим, илим жана маданият багытында (олимпиада, тренинг, конференция, иш-чаралар ж.б.) жараткан ийгиликтери каралат (тастыктоочу грамоталар, диплом, сертификаттардын көчүрмөлөрү).

6.4. Сынакка катышуучу талапкерлерден төмөндөгү документтер талап кылынат:

- таржымалы;
- паспортунун көрчүрмөсү;
- сынактык китепчесинин көчүрмөсү (деканаттын мөөрү менен текшерилгендиги тастыкталат);
- грамоталар, диплом, сертификаттардын көчүрмөлөрү.

6.5. Кыргыз Республикасынын Баатыры, Кыргыз эл акыны Сооронбай Жусуевдин чыгармаларын мыкты өздөштүрүүсү зарыл.

6.6. Сынактык документтер ар бир окуу жылында 1-майга чейин Малдыбаев көчөсү 34,б. И.Раззаков ат.КМТУнун алдындагы Сооронбай Жусуев атындагы мамлекеттик тил борборунда кабыл алынат.

**7. «Сооронбай Жусуев» атындагы стипендияны ыйгаруунун тартиптери**

7.1. Сынакты өткөрүүдө атайын комиссия курамы ректордун буйругу менен бекитилет.

7.2. Атайын комиссия курамы сынакка катышуучу студенттин, магистранттын жана аспиранттын өздүгүн тактап, сынакка катышуучу талапкер катарында сунушталган документтердин негизинде жыйынтык чыгарат.

7.3. Сынактын жыйынтыгы добуш берүү аркылуу чыгарылып, стипендия бере турган тарапка сунушталат.

7.4. Стипендия окуу жылында бир ирет берилет жана Сооронбай Жусуевдин туулган күнүнө арналган салтанаттуу иш-чаранын алкагында 15-майда тапшырылат.

7.5. И.Раззаков атындагы КМТУнун сайтында стипендиясынын ээлери тууралуу маалыматтар жайгаштырылат.

**8. Жобону өзгөртүп түзүү жана жоюу**

5.1. Борбордун ишмердүүлүгүн өзгөртүү, кайра түзүү жана жоюу И.Раззаков ат.КМТУнун Окумуштуулар кеңешинин чечиминин негизинде ишке ашырылат.

5.2. Өзгөртүп, кайра түзүлгөн учурда бардык өзгөртүүлөр уюмдун жобосуна киргизилет.

5.3. Борбордун ишмердүүлүгүн токтотуу учурунда пайда болгон иш кагаздар Кыргыз Республикасынын "Архивдик фонду жөнүндө" мыйзамына ылайык сакталат жана пайдаланылат.

МАКУЛДАШЫЛДЫ:

УИБ башчысы А.Ж.Исраилов